“Бекитилди”

2022-жылдын 24-ноябрындагы

№3 педагогикалык кеңешмесинин

чечими менен

**ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ**

Осмон Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

**ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО**

Киришүү

| | |
|---|---|
| 1.1 Билим берүү уюмунун түзүлүшү жөнүндө кыскача маалымат | Негизги жалпы, жалпы орто билим берүүчү мектеп<br>Мектеп 1971- жылы эксплуатацияга берилген. ОШ-60тибинде, бир кабаттуу,типтүү эмес, долбоордук кубаттуулугу-160 орундуу. Мектептин жалпы аянты- 2895м$^2$<br>Мектептин алгачкы аталышы – Улуу октябрдын 60 жылдыгы атындагы 8 жылдык мектеп болгон.<br>1989-жылы 10 жылдык мектеп болгон.<br>Учурдагы аталышы- Осмон Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби (1992-жыл 19-ноябрь).<br>2013-жылы Пионер айлына 96 орундуу филиалы ачылган.<br>Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Учурда 315 окуучу окуп, 30мугалим эмгектенет. Жылытуу системасы электр менен. |
| 1.2 Билим берүү уюмунун миссиясы: | Осмон Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби базистик окуу планынын негизинде билим берүүнү камсыз кылат.<br>Ата-энелер, коомчулук менен кызматташтыкта окутууну, тарбия берүүнү жүргүзүп, Мамлекеттик стандарттын негизинде программаларды толук өздөштүргөн билимдүү, компетенттүү, мекенчил жана маданияттуу бүтүрүүчүлөрдү чыгаруу. |
| 1.3 Билим берүү уюмундагы жетекчинин аты-жөнү жана байланыш маалыматтары. | Отомбаева Бермет Сандыбаевна<br>Байланыш телефону: 0702453472 |
| 1.4 Билим уюмунун буга чейинки аккредитация жөнүндө маалымат. | Аккредитациядан 2017-2018- окуу жылында өткөн. |
| Мектептин дареги: | Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ак-Суу району,<br>Ново-Константиновка айылы, Жумаш агай көчөсү №1 Электрондук дареги: elebesov2017@mail.ru<br>Веб сайт: https://elebesov.mektebim.kg |

## 1.Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

| | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| **1.Б И Л И М  Б Е Р Ү Ү Н Ү Н  С А П А Т Ы Н  К А М С Ы З Д О О  С А Я С А Т Ы** | | | |
| 1.1 | Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын болушу | Мектепте окуу- тарбия процесси КР Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтомдорунун редакциялары менен бекитилген Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, КР «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдарынын, мектептин уставынын, күбөлүктүн,ченемдик- укуктук актылардын негизинде жүргүзүлөт. Локалдык актылар педагогокалык кеңешмеде талкууланып, бекитилген. Мектептин окуу-тарбия процессинин жана документацияларынын жүргүзүлүшү,ченемдик актылардын иштетилип чыгышы, мазмуну мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык келет:<br>• Мектептин Уставы<br>• Ченемдик-укуктук актылар<br>• Мектептин Базистик планы | 1.1.1 Мектептин Уставы<br>1.1.2 Тарификациялык тизме<br>1.1.3 Мектептин окуу- тарбия процессинин жүрүшүндөгү локалдык актылар.<br>1.1.4 «Мектептин түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө» Жобо<br>1.1.5. Үч тараптуу келишим<br>1.1.6. Эмгек келишими<br>1.1.7.Мектептин Базистик пландары<br>1.1.8. Функционалдык милдеттер<br>1.1.9.Усулдук Кеңештин Жобосу<br>1.1.10.Профсоюздун иши жөнүндө Жобо<br>1.1.11. Окуу методикалык камсыздоо Жобосу<br>1.1.12. «Мектептин ички эмгек тартиби жөнүндө» Жобо<br>1.1.13. ,«Окуучулардын жүрүм-турум эрежелери жөнүндө» Жобо<br>1.1.14. Окуу- методикалык камсыздоо жөнүндө Жобо<br>1.1.15. Маалымат коопсуздугу жөнүндө Жобо |
| | **Күчтүү жактар:** | Мектепте окуу- тарбия процесси мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын, мектеп уставы жана ченемдик-укуктук актылардын негизинде жүргүзүлөт.Мектептин уставы менен кызыктар тараптардын тааныш болгону.Келишимдердин түзүлүшү. Айрым ишти жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын болушу. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Алсыз жактар:** | Айрым ата энелердин милдеттери, укутары, мектептин уставы менен тааныш болбогондугу жана маани бербегендиги. Айрым окуучулардын жана мугалимдердин функционалдык милдеттерин толук аткарбагандыгы.Айрым мектеп кызматкерлеринин ченемдик-укуктук актыларды толук билбегендиги. Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын жетишсиздиги. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.2 | Билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын,кызыктар тараптардын керектөөлөрүн жана өзүн-өзү баалоонун ар жылдык жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландардын болушу | **Мектептин миссиясы:** Ата-энелер, коомчулук менен кызматташтыкта окутууну, тарбия берүүнү жүргүзүп, Мамлекеттик стандарттын негизинде программаларды толук өздөштүргөн билимдүү, компетенттүү, мекенчил жана маданияттуу бүтүрүүчүлөрдү чыгаруу.<br>Мектептин миссиясынын негизинде 5 жылдык Өнүктүрүүнүн стратегиялык планы иштетилип чыгып, педагогикалык кеңешмеде каралып, бекитилген жана төмөнкү максаттарды койгон: 1.Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде окутуу тарбиялоо процессинин мазмунуна өзгөртүүлөрдү киргизип,окуучуларды курактык өзгөчөлүктөрүнө ылайык компетенттүүлүгүнө жана билим сапатында туруктуу өсүү динамикасына жетишүү<br>2.Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүүгө жана дене тарбиясы жагынан жетиштүү деңгээлдеги бирдиктүүлүктү камсыз кылууга тарбиялоо.<br>9- класс Жалпы орто билим берүү метебинин бүтүрүүчүсүнүн модели,11-класс орто билим берүү мектебинин бүтүрүүчүсүнүн модели,4-класс жалпы башталгыч билим берүү баскычынын аяктап жаткан бүтүрүүчүнүн модели иштелип чыккан.<br>Окутуунун төмөнкүдөй жыйынтыктары пландалган: маалыматтык компьютердик технологияларды ар бир окуучу, мугалим сабакта, класстан тышкаркы иш- чараларда өздөрү колдонууга жетүү, окуучулардын коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу менен билим сапатын жогорулатууга жетүү, областтык, республикалык предметтик олимпиадаларда байгелүү орундарга жетүү, билим берүүнүн маалыматтык системасы менен иштөө.<br>Мектептин миссиясынын,стратегиялык планынын, максаттарынын | 1.2.1 МӨП<br>1.2.2 ОТЖП<br>1.2.3 Бүтүрүүчүлөрдүн модели<br>1.2.4 Педкеңешменин протоколу №1 29.08.2022<br>1.2.5. Жылдык анализи<br>1.2.6. УБ анализдери<br>1.2.7. Тарбиялык анализ<br>1.2.8. Чыгармачыл топтун планы<br>1.2.9. УБ пландары<br>1.2.10. Тарбиялык план<br>1.2.11.УК планы<br>1.2.12 Билим сапатын көтөрүүнүн иш планы.<br>1.2.13 PISA-2025 изилдөөсүнө даярдык көрүүнүн планы<br>1.2.14.Соц.педагогдун планы<br>1.2.15.Соц.пед.анализи<br>1.2.16.Жаш мугалимдер менен иштөө планы<br>1.2.17.Ички көзөмөл планы<br>1.2.18.Ата-энелер менен иштөө планы<br>1.2.19. Ийримдер менен иштөө планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жана күтүлгөн жыйынтыктарынын макулдашылгандыгы окуу –тарбия процессин туура пландаштыруу жолу менен ишке ашырылат.<br>Жыл сайын стратегиялык пландын негизинде алынган ОТЖП жылдык планы иштелип чыгат. Анда приоритет билим сапатынын өсүү динамикасына жана мектептеги окуу тарбия процессин жакшыртууга карата багытталат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адамдардын түзүмдөрдүн болушу | Билим берүү сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу максатында стратегиялык пландан ОТЖПга деталдашырылат жана анын негизинде мектептеги тиешелүү ички түрлөрүн усулдук кеңеш, усулдук бирикмелердин иши пландалат. Мында билим берүүнүн сапатын көтөрүү боюнча иш аракеттер конкреттешилет. Ал эми жооптуу адамдардын окуу бөлүмүнүн башчысы усулдук бирикмелердин башчыларынын функционалдык милдеттеринде билим берүүнүн сапатын көтөрүү боюнча иш аракеттердин өздөрүнүн деңгээлдеринде предметтик, усулдук бирикме алкагында, мектептин деңгээлде, аныкталып, анын негизинде мектептин негизинде окутуу тарбиялоо процесси ишке ашат.<br>Жылдын аякташы менен предметтер боюнча усулдук бирикмелер боюнча жана мектеп боюнча анализ жасалат.<br>Мониторинг жүргүзүлөт. Жылдык цикл аяктаган сайын мектептин отчеттулук картасы толтурулат. Кыйынчылыктар менен коркунучтар аныкталып кийинки жылдын ОТЖПсына материалдар топтолот. | 1.3.1. Түзүмдүк бөлүмдөрүнүн схемасы<br>1.3.2. «Мектептин түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө» Жобо<br>1.3.3. Усулдук Кеңештин Жобосу<br>1.3.4. Баалоо сферасы,мектептин отчеттуулук картасы<br>. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.4 | Персоналдын жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу, аларды сактоо(билим берүүнүн жана инсандын,маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын колдоочу уюштуруучулук маданиятын калыптангандыгы) | Мектептин кызматкерлеринин, окугандардын жана социалдык өнөктөштүктөрдүн жүрүм-турумунун этикалык ченемдери, эрежелери педагогикалык кызматкерлер тарабынан талкууланып, сунуштоо жана кошумчалоо менен педагогикалык кеңешмеде кабыл алынган жана окуу- тарбия процесси ушул ченемдик документтердин негизинде жүргүзүлөт.Тартипсиздикти алдын алуу кеңеши системалуу иш жүргүзүп турат.Уюштуруучу,соцпедагог ИДН кызматкери менен тыгыз байланышта болуу менен алдын алуу иштерин үзгүлтүксүз жүргүзөт жана сопедагог окуучуларга психологиялык жардам көрсөтүп турат.<br>Жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдери менен мектепке жаңы келген окуучулар,кызматкерлер, ата- энелер тааныштырылып турат.Ченемдер,эрежелер мектептин жалпы ата-энелердин, окуучулардын класстык, мугалимдер жамаатынын жана профсоюздук чогулуштарында каралып турат.Окутуу- тарбиялоо процессинин катышуучуларынын талаш-тартыш абалдарын чечүүдө арыздары мугалимдер жамаатынын жана профсоюздук чогулуштарда, мектеп администрациясынын жекече сүйлөшүү жолдору менен каралат. Персоналдардын этикалык ченемдеринин болушун көзөмөлдөө жана иш алып баруу үчүн №1 пед.кеңешмеде этика комиссиясы түзүлгөн. Окуучулардын жүрүм-турумунда этикалык ченемдеринин болушу,аларды сактоо максатында кыздар кеңеши жана балдар кеңеши иштейт. | 1.4.1. «Окуучулардын жүрүм-турум эрежелери жөнүндө» жобо<br>1.4.2 «Мектептин ички эмгек тартиби жөнүндө» жобо<br>1.4.3 Ишеним кутучасы<br>1.4.4 Уюштуруучунун анализи<br>1.4.5 Кыздар,балдар кеңешинин пландары<br>1.4.6.Этика комиссиясынын буйругу<br>1.4.7.Педагогикалык устакана планы |
| 1.5 | Ишти пландоо, уюштуруу, баалоо, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдеринин жана жол-жоболорунун болушу | Билим берүүдө коопсуздук камсыздөө үчүн техникалык коопсуздук эрежелери,өрт коопсуздугу,өзгөчө кырдаал учурундагы коопсуздук,жолдо жүрүү эрежелери, тартипсиздикти алдын алуу,санитардык- гигиеналык эрежелерин сактоо жана алдын алуу боюнча иштер системалуу жүргүзүлөт жана ЧТББ, СЭС,МЧС тарабынан текшерүүлөр жүргүзүлүп,сунуштоолор болуп турат.<br>Мектептин ишмердүүлүгүн пландоо,уюштуруу,баалоо жана коопсуздугунун абалына билим берүү процессинин катышуучуларынан сурамжылоо,анкета жүргүзүүнүн негизинде мониторинг жасалган жана көзөмөлдөөнүн жыйынтыгы бар.<br>Мектепте комплекстүү коопсуздук схемасы түзүлгөн. Ал коопсуздуктун баардык түрлөрүн камтыйт. | 1.5.1 Антитеррордук паспорт<br>1.5.2 Техникалык коопсуздук журналы<br>1.5.3 Жарандык коргонуу боюнча иш-планы<br>1.5.4. Сүрөттөр<br>1.5.5.Сурамжылоо,анкета<br>1.5.6. Комплекстүү коопсуздук схемасы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мектептин жарандык коргонуу паспорту иштелип чыккан. Анда жарандык коргонуу планы,  кырсык тобокелин азайтуу планы иштелип чыккан жана ар тараптуу коопсуздук боюнча мониторинг жасалган. | |
| 1.6 | Кызыктар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тиешелүү оңдоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу | Ата-энелер комитети менен тыгыз иш жүргүзүлөт. Ата- энелердин кызыкчылыктары, ойлору,сунуштоолору дайыма эске алуу менен ата-энелерди мектепке тарууга багытталган пландуу иш- чаралар иштетилип чыккан. Ата-энелер комитети менен окутуу-тарбиялоо процессиндеги көйгөйлөрдү чечүү,башталгыч класстарында шар окутууда ата- энелер менен биргелешкен иш жүргүзүү, балдардын ден соолугуна, коопсуздугуна кам көрүү, материалдык – техникалык базаны жакшыртуу иштери системалуу жүргүзүлүп келет.<br>Ата-энелер,окуучулар жана класс жетекчилер менен үч тараптуу келишим түзүлгөн. Келишимдин негизинде ар бир тараптын укугу корголот  жана жоопкерчилиги жогорулайт.<br>Коомчулуктун өкүлдөрү, мугалимдер, ата-энелер, окуучулар мектептин пландоолоруна катышат. Ата-энелерден анонимдүү баалоо анкеталары алынып турат.<br>Мектепте мектеп парламенти балдар өспүрүмдөр уюму иштейт.БӨУнун өзүнүн законду, эрежелери аркылуу ,өзүн-өзү башкаруу системасында иш алып барышат.Упай системасы менен балдарды окууга тартиптүүлүккө чакырууну ишке ашырышат. | 1.6.1.Ата-энелер чогулушунун токтомунан<br>1.6.2. Демөөрчүлөр, ата-энелер менен иш алып баруунун сүрөттөрү<br>1.6.3. 3 тараптуу келишимдер<br>1.6.4. « Тамактанууну уюштуруу жөнүндө» буйруктун көчүрмөсү<br>1.6.5. Мектеп парламентинин иши<br>1.6.6.Өзүн-өзү башкаруу уюмунун токтому |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.7 | Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасынын,веб-сайттын,электрондук почтанын болушу | Мектепте окутуу- тарбиялоо процесси билим берүүнү башкаруу системасынын маалымат базасынын негизинде жүргүзүлөт. «Жаңы китеп» -2018- жылы, мектептин электрондук почтасы 2017-жылы ачылган.Интернет байланышы 2017-жылы КР Билим берүү жана илим министрлигинин колдоосу менен Maxlink компаниясы аркылуу коюлган, 2021-жылы Кыргызтелеком компаниясына алмаштырылган. Билим берүүнү маалыматтык башкаруу системасы 2017-жылы ишке киргизилген. Мектеп билим берүүнүн маалыматтык системасынын базасына буйрук менен жооптуу адамды бекиткен жана системалуу түрдө маалыматтарды топтоп берип турат. Билим берүүнүн маалыматтык системасына (ИСУО) мекеме,окуучулар, кызматкерлер, жетишүү, катышуу, каржылоо, инфраструктура ж.б.боюнча берилип турат.Мектеп маалыматтарды билим берүү бөлүмүнөн электрондук почта аркылуу да алып турат. Мектептин веб- сайты 2022- жылы ачылган. | 1.7.1Электрондук почта: elebesov2017@mail.ru<br>1.7.2.веб-сайт: https://elebesov.mektebim.kg |
| | **Күчтүү жактар:** | Мектептин миссиясын ишке ашырууга багытталган системалуу иштердин жүргөндүгү.Ата- энелер комитетин мектепке тартуу менен мектептин ишинин айкалышы.Демөөрчүлөр менен иштөө.Билим берүүнү башкаруу маалыматтык системасы менен ишти алып баруу. | |
| | **Алсыз жактар:** | Улуу курактагы мугалимдер интернеттен маалымат алуу, колдонууну билбегендиги.Айрым ата- энелердин билим сапатын көтөрүүгө таасирин тийгизбегендиги, мектеп менен байланышынын начарлашы. Ата-энеси мигрант болуп балдарын ата- энесине тууугандарына таштап кетиши.<br>Демөөрчүлөрдүн аздыгы .<br>Жаш мугалимдерге жергилүктүү бийликтин колдоо көрсөтүүсүнүн аздыгы | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2.КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ** | | | |
| 2.1 | Педагогикалык,административдик окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды жумушка алуунун (жумуштан бошотуунун) объективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Мектептин кадрлар саясаты Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана эмгек кодексинин , мектептин уставынын негизинде жүргүзүлөт. Мектептин директору кызматкер менен эмгек келишимин түзгөн, эмгек келишимдин шарттары КР Эмгек кодексинин негизинде түзүлгөн.Жумушка кызматерди кабыл алынып жатканда талап кылынуучу документтер тизме менен берилип, андан кийин кабыл алынат жана мектептин Уставы, ички эмгек тартиби,эмгекти коргоо жана коопсуздук эрежелери боюнча инструктаждар өткөрүлөт. Соттолгон же КР Өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга мектепте иштөөгө жол берилбейт.<br>Педагогикалык кызматкердин өздүк делолоруна керектүү документтер салынган, квалификациясын жогорулатуу жөнүндө сертификаттардын, сыйлыктардын көчүрмөлөрү, кенже тейлөө персоналдарынын өздүк делолору жана 63,65- беренелерге ылайык эмгек, медициналык китепчелери бар.Ошондой эле мектепте эмгек китептеринин кыймыл боюнча журнал бар.<br>Педагогикалык жана кенже тейлөөчү персоналды кызматтан бошотуу жамааттык келишимге жана КР Эмгек кодексинин 82беренесине ылайык жүргүзүлөт. | 2.1.1 Эмгек келишими<br>2.1.2. Ички эмгек тартибинин эрежелери<br>2.1.3. Педагогикалык кызматкерлерди жана кенже персоналдарды жумушка кабыл алуу, которуу,бошотуу боюнча буйруктардын көчүрмөсү. |
| 2.2 | Штаттардын комплектелишинин, педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Мугалимдердин штаттык тизмеси базистик окуу планында көрсөтүлгөн окуу жүктөмүнүн жылдык, жумалык ошондой эле чектелген окуу жүктөмүн аныктайт. Базистик окуу планы предметтердин тизмесин белгилейт.Белгиленген предметтердин тизмесинин сааттарын базистик окуу планында аныкталып көрсөтүлөт . Белгиленген предметтердин сааттарына жараша мектеп жетекчиси жана райондук билим берүү бөлүмүнүн жетекчиси штаттык курамды бекитет . Ар бир окуу жылынын башталышында мугалимдердин кесиптик өздүк курамы такталып РИК-83 кадрдык отчет берилип турат. Жыл башында мугалимдер менен укомплектенет.Педагогикалык кенештин №1 токтому менен бекитилет.<br>Мектепте 30 педагогикалык кызматкер эмгектенет, 25 мугалим жогорку билимдүү. | 2.2.1 Мугалимдердин сапаттык курамы<br>2.2.2.Мугалимдердин тууралуу мониторинги<br>2.2.3. Мугалимдердин квал.көтөр.5 жылдык мониторинги<br>2.2.4.Муг.кв.жог.перспективдүү планы<br>2.2.5. Тарификация |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мугалимдердин сыйлыктары :<br>- - Билим берүүнүн отличниги - 4<br>- Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы –4<br>-Ысык-Көл областык билим берүү бөлүмүнүн грамотасы – 1<br>-Ак-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын грамотасы-4<br>-Ак-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн ардак грамотасы - 3<br>Мугалимдердин педстажы:<br>- 0-5 жыл – 3<br>- 5-10 жыл – 15<br>- 10-15 жыл – 1<br>- 15 жылдан жогору – 11, анын ичинен пенсияга курагындагылар – 7<br>Мугалимдер бардык предметтерди адистиги боюнча беришет жана дипломдоруна шайкеш келет.Билим берүү программасына шайкеш келүүсү боюнча информатика предметин математика мугалими берет | |
| 2.3 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү,ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону,анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | КР «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдарынын 30, 32-беренелери, «Мугалимдин статусу жөнүндөгү» 17,18- беренелери, «Балдар жөнүндөгү кодекси» 4,5-беренелери, мектептин Уставынын негизинде билим берүү процессинин катышуучуларынын физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыздоо,өз ара мамилелерин баалоо иштери жүргүзүлөт.Мектептин физикалык коопсуздугун жүргүзүүчү техникалык паспорт жана жер участогунун актысы болуп саналат.<br>Билим берүү процесси үчүн оптималдуу санитардык-гигиеналык шарттарды камсыз кылуу КР Өкмөтүнүн 2016 жылдын 11апрелиндеги № 201 «Жалпы билим берүү уюмдарында окутууну уюштуруу жана санитардык-эпидемиологиялык шарт түзүү талаптары» токтомунун негизинде мектепте 2020-жылдын 2- сентябрында № 65 «Эмгек шарттары боюнча жумуш орундарын аныктоо жана талаптарды аткаруу боюнча комиссия түзүү жөнүндө» буйругу чыгып, ушунун алкагында иштер жүргүзүлөт.<br>Билим берүү процессин жакшыртуу үчүн мугалимдердин ден соолуктарына, иш орундарына шарттарды түзүлүп берилген.Билим берүү процессинин катышуучуларына психологиялык жактан коопсуз чөйрөнү түзүү үчүн сылыктык, туруктуулукту сактоо, адилеттүүлүк, жоопкерчиликтик өз ара мамилелери түзүлүп турат.Мугалимдердин, | 2.3.1 Техникалык паспорт<br>2.3.2 Кызыктар тараптардан сурамжылоо<br>2.3.3 Мектептин, класстык жалпы ата-энелер чогулуштарынын протоколдору<br>2.3.4. Ден соолук боюнча проф.иш план<br>2.3.5 «Мектептин коопсуздугун алдын алуу» семинардын материалдары<br>2.3.6. Коопсуздукту камсыздоочу түзүмдөр менен биргелешкен иштин жүрүшү жөнүндө сүрөттөр<br>2.3.7.Кылмыштуулуктун алдын-алуу планы<br>2.3.8.Парламенттин иш планы<br>2.3.9.Мониторинг соц.абал<br>2.3.10.Эмгек шарты боюнча жумуш ордун аныктоо боюнча буйрук |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | окуучулардын физикалык жана психологиялык коопсуздугун алдын алуу боюнча тематикалуу аңгемелешүү,тегерек стол,семинар-тренингдерди өтүлүп, ата-энелер комитети менен сурамжылоо иштери жүргүзүлүп мониторинг жасалат.<br>Соц.педагог, класс жетекчилер тарабынан окуучулардын психологиялык жактан коопсуз билим берүү чөйрөсүн уюштуруу жана ушул көйгөйлөрдүн алдын алуу боюнча сурамжылоо жүргүзүлөт.Мектеп коопсуздукту камсыздоочу түзүмдөр,үй- бүлөлүк дарыгелер,ИДН кызматкери, айыл өкмөтүнүн соцкызматкери менен биргеликте пландын негизинде алдын алуу иштерин жүргүзөт. Мектепте ишеним почтасы телефону бар.Келген суроо талаптар уюштуруучу тарабынан каралып,аларга өз убагында жооп берилет. | |
| 2.4 | Педагогикалык,административди, кенже тейлөөчү жана окутуучу көмөкчү персоналдын ишин баалоону,анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Билим берүү, кенже персоналдардын ишмердүүлүгүн, иштин сапатын, натыйжалуулугун баалоо иштери мугалимдер өздөрүн-өздөрү баалайт жана окуу бөлүм башчысы, методикалык бирикмелердин жетекчилери,уюштуруучу жана чарба башчысы тарабынан бааланат.<br>Мектеп ичинде педагогдордун ишин баалоодо атайын иштелип чыккан көрсөткүчтөрдүн негизинде баа берилет.<br>Индикаторлору;<br>1.Кесиптик чеберчилик деңгээли,чыгармачылык иштери<br>2.Класстагы окутуу-тарбиялоо ишин уюштуруу.<br>3.Предмети боюнча окуучулардын билим сапаты.<br>4.Мугалимдин кесиптик жагынан өнүгүүсү.<br>5.Жекече аткаруу тартиби.<br>6.Окуу жылы ичиндеги жетишкендиктери<br>Окуу жылынын аягында ар бир кызматкердин эмгегине баа берилип,мониторинг жүргүзүлөт. педагогикалык кеңешмеде каралып сыйлыктар объективдүү берилип турат. | 2.4.1. Мугалимдердин сыйлыктары боюнча мониторинги<br><br>2.4.2. Мугалимдерди «Сыйлоо жөнүндө» пед.кең.токтомдору |
| | **Күчтүү жактар:** | КР «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамдарынын 30,32-беренелери, «Мугалимдин статусу жөнундөгү» 17,18-беренелери, «Балдар жөнүндөгү кодекси» 4,5-беренелери, КР Эмгек кодекси, мектептин Уставынын, ички локалдык актылар менен иштин жүргөндүгү. Предметтердин адистик боюнча берилгендиги жана жогорку билимдүү кадрлардын болгону.Билим берүүнүн коопсуздугун камсыз кылуучу түзүмдөр менен мектептин байланышы. Кызматкерлердин ишмердүүлүгү бааланып, сыйлыктардын берилип турушу | |
| | **Алсыз жактар:** | Айрым мугалимдердин өзүн-өзү баалоосу өтө жогору болгондугу жана улуу мугалимдердин салттуу сабактарты, эски методорду колдонгондугу. Мектепте пенсия алдындагы куракта мугалимдердин айрымдарынын иштөө жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгү. Жаш мугалимге жергиликтүү бийликтерден эч жардам | |

| | | |
|---|---|---|
| | | жоктугу. Мугалимдер жамаатында гендердик маселе же эркек мугалимдердин аз болушу.Психолог штатынын жоктугу. |

| 3.МАТЕРИАЛДЫК–ТЕХНИКАЛЫК БАЗА | | | |
|---|---|---|---|
| 3.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына,анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары,лабораториялар,компьютердик класстар,спорт зал,актовый залы,медициналык пункт,ашкана), ошондой эле жашоо үчүн тиешелүү шарттары бар жатаканалардын (эгерде болсо) болушу | Мектеп бир кабаттуу жана типтүү эмес. Эксплуатацияга 1971-жылы берилген. Имараттын техникалык абалы авариялык.<br>7 класс кабинетте эмеректер толук жетишпейт, кооптуу, жарыктануу начар, кышкысын от жагуу системасы электр менен жана ички кабинеттин температурасы кээде 18$^{o}$тан төмөн болуп калат,талапка толук жооп бербейт. Окуу кабинеттер жетишпейт. Физика, химия предметтери үчүн лабораториялар жок. Компьютердик класс жок. Окуучуларга информатика предметин окутуу үчүн комьютердин саны жетишпейт. Тарых, кыргыз тили,орус тили,биология,физика,башталгыч класс кабинеттеринде смарт телевизорлор бар.Билим берүү министрлиги тарабынан проводной интернет туташтырылган. Класс кабинеттердин ичи ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн жардамы менен оңдолуп түзөлүп турат.<br>Актовый зал талапка толук жооп бербейт,караңгы. Мектептин спортзалы,мини футболдук аянтчасы жок. Спорт аянты бар, спорттук жабдыктары жетишсиз. Окуучулардын ден соолугун чыңдоого, кам көрүүгө толук шарттар жок.<br>Медициналык пункт жок, ысык тамак берүүгө ашкананын жоктугунан 69 окуучуга чай,булочка эле берилет.<br>Пионер филиалында ашкана болгондуктан 51 окуучуга ысык тамак берилет. Филиал жарык,жылуу талапка жооп берет. Бирок филиалда да спорт зал,актовый зал, компьютердик класс,медициналык пункт жок. Сырткы гана дааратканa бар,ички даараткана жок.<br>Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн мектепте пандус бар.<br>Мектепте 8 компьютер, 2 проектор,2 ксерокс,2сканер,3 принтер, 6 смарт тв, 3 түстүү принтер, мугалимдердин өздүк 13 ноутбуктары,2 компьютери,6 түстүү.принтери бар.<br>Интернет жана окуу предметтери боюнча электрондук билим берүү ресурстарын колдонуута кирүү мүмкунчүлүгү мектептин шартына жараша | 3.1.1 Техникалык паспорт<br>3.1.2 Класс кабинеттердин жабдылышы боюнча сүрөттөр<br>3.1.3 Материалдык-техникалык база боюнча мониторинг<br>3.1.4 Кабинеттердин паспорту<br>3.1.5.Пандус<br>3.1.6.Авриялык абалды тастыктаган корутундулар,актылар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | бар.Үй шартында окуу китептери жетишпеген окуучулар өздүк компьютер, ноутбуктары, мобилдик телефондору аркылуу электрондук ресурстарды, китептерди колдоно алышат.<br>Мектептин материалдык техникалык базасын жакшыртуу, көгөйлөрдү чечүү максатында стратегиялык өнүктүрүү планы менен иштер жүргүзүлөт. Мектептин администрациясынын иш- аракети,сүйлөшүүлөрү аркылуу спорттук жабдыктар демөөрчүлөрдүн жардамы менен алынып турат. | |
| 3.2 | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык,санитардык эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер,өрткө каршы коопсуздук,эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Окуу жылынын башында техникалык коопсуздук эрежелери,эмгекти коргоо, жолдо жүрүү эрежелери, санитардык-гигиеналык талаптардын аткарылышы боюнча инструктаж өткөрүлүп турат. Окуучуларга ай сайын жолдо жүрүү эрежелери, санитардык-гигиеналык эрежелер,коопсуздук эрежелери боюнча тарбиялык сааттар өтүлүп турат. Окуу жылынын башында мектепте коопсуздукту алдын алуу багытындагы буйруктар чыккан.Техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча информатика,химия,физика,биология предметтеринен практикалык лабораториялык иштерди аткарууда, дене тарбия предметтеринен,ийримдер боюнча инструктаж өткөрүлүп, журналга колдору коюлган.Мектептин окуу тарбия процессинин жүрүшүнө шарттар түзүлгөн жана техникалык коопсуздуктун эрежелерин сактоо менен талаптарына ылайык иш алынып барылат. КР Өкмөтүнүн 2016- жылдын 11-апрелиндеги № 201 «Жалпы билим берүү уюмдарында окутууну уюштуруу жана санитардык- эпидемиологиялык шарт түзүү талаптары» токтомунун негизинде санитардык- эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдеринин талаптарын ишке ашыруу максатында окуучулардын ден соолуктарын сактоого багытталган жана окуу имаратынын аймагына, жайгашуусу, жабдылышы, аба-жылуулук режими, жарыктандыруу, суу менен камсыз кылуу жана канализация, билим берүү процессинин режими, окуучуларды жана мектептин кызматкерлерин медициналык кароодон өткөрүү, мектептин санитардык абалы жана аларды күтүү,башталгыч класстарында тамактанууну уюштуруу боюнча иштер жүрүп турат.Окуучулардын ден соолугуна кам көрүүгө медициналык бурчта аптечка уюштурулган.<br>Имаратта энергияны үнөмдүү колдонуучу лампалар жок жана өрт коопсуздугуна толук жооп бербейт. Электр розеткалары эскирген.Өрттөн коргонуучу шаймандар толук жетишпейт. Мектептин эвакуациялоо планынын схемасы, өрт коопсуздугун алдын алуу,тез арада эвакуациялоо, авариялык-куткаруу, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын планы КР ӨКМнин | 3.2.1 Техникалык коопсуздук эрежелери<br>3.2.2 КР ӨКМнин райондук (Өзгөчө кырдаалдар) бөлүмү менен бирдикте макулдашылган план)<br>3.2.3 Мектеп коопсуздугунун бурчу жана иш-чаралардын сүрөт-ү<br>3.2.4.Эвакуациялык план<br>3.2.5. Маалымат коопсуздугу жөнүндө жобо<br>3.2.6 Мектепти жашылдандыруу боюнча сүрөттөр<br>3.2.7. Тамактануунун менюсу<br>3.2.8. 3 тараптуу келишим<br>3.2.9.Коопсуздук боюнча журнал<br>3.2.10.Эмгекти коргоо жана коопс.докум. жанан иш тартиби<br>3.2.11.Эпидемиологиялык станциясынын «Изилдөө актысы» |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | райондук (Өзгөчө кырдаалдар) бөлүмү менен бирдикте макулдашылган түзүлүп, пландын негизинде иш- чаралар өткөрүлүп турат..<br>Экологиялык коопсуздукка карата мектептин айланасы жашылдандырылган иштери колго алынган.Мектепте ички даараткана жок,сырткы даараткана гана бар. Кол жуугучтар талапка толук жооп бербейт.умывальник колдонулат). Ашканада жылуу суу (Аристон) орнотулган, кол жуугуч бар. Материалдык- техникалык базаны жакшыртуу иштери менен билим берүү процессин өстүрүүгө багытталган иштер системалуу жүрүп турат.<br>Материалдык техникалык базанын жана маалыматтык- ресурстардын окутуу программасынын өнүгүшү боюнча мониторинг жүргүзүлүп, анын негизинде пландоо иштери жүргүзүлүп турат. | 3.2.12. Коопсуздук эрежелери боюнча сабактардын иштелмелери<br>3.2.13.Кабинеттердин коопсуздук эрежелери,инструктаж<br>3.2.14.ЖКИ планы |
| 3.3 | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо,баалоо,талдоо жана пландоо механизминин болушу | Материалдык- техникалык базаны жакшыртуу иштери менен билим берүү процессин өстүрүүгө багытталган иштер системалуу жүрүп турат.<br>Материалдык- техникалык базаны жакшыртуу иштерин улантуу боюнча мектептин Стратегиялык пландын негизинде 2021-2022-жылдарда ата-энелер, демөөрчүлөрдүн жардамы менен класс- кабинеттердин жасалгасы,спорттук шаймандар,1 смарт телевизор, 1 түстүү принтер, 13% окуу китептери,30 даана адабий китептер, географиялык карталарды сатып алынды.<br>2021-2022-жылы көмөкчү чарбаны жерди арендага алуу менен уюштурулуп,анын негизинде 1 түстүү принтер, 1ноутбук, 1 калонка микрафону менен алынды.<br>. 2018-жылы мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында камкорчулардын “ҮМҮТ” коомдук бирикмеси түзүлгөн.<br>Алардын жардамы менен мектепке 1 проектор, 1 интекративдүү доска,3 телевизор, 1 түстүү принтер, мугалимдер үчүн 8 стул,окуучуларга керектүү спорттук шаймандар ж.б. алынды.<br>Мектепке 2017-жылдын 21-ноябрь КР Билим жана илим министрлиги тарабынан 2 түстүү телевизор,2018-жылы 1 проектор, 1 ноутбук келген.<br>Мектептин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу боюнча жооптуулар отчёттор, анкеталар, сурамжылоолор аркылуу маалыматтарды топтоп мониторинг жүргүзүп турушат. Ар жылы инвентаризациялоо боюнча актылар жүргүзүлүп, мектептин буюмдары жабдылыштарынын сакталышы системалуу түрдө көзөмөлдөнүп турат. Стратегиялык план боюнча да мындан ары материалдык-техникалык базаныжана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу максатында иштер үзгүлтүксүз жүрүп турат.<br>2019-жылы жаңы мектептин долбоору түзүлүп, мамлекеттик бюджеттен каржылоо чечими кабыл алынган. | 3.3.1 Мектептин Стратегиялык өнүгүү планы<br>3.3.2. Мектепке алынган мүлктөрдүн мониторинги<br>3.3.3 Демөөрчүлөр, ата-энелер менен иштөө боюнча сүрөттөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Күчтүү жактар:** | Материалдык- техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртууга карата Стратегиялык өнүгүү планын болгондугу. Материалдык-базаны чыңдоо иштерин жүзүгө ашырууда ата-энелер,демөөрчүлөр менен иштөөнүн системалуу жүрүшү. Камкорчулардын “ҮМҮТ” коомдук бирикмесинин түзүлгөндүгү.Жаңы мектептин долбоору түзүлүп,каржылоо чечими кабыл алынгандыгы. | |
| | **Алсыз жактар:** | Мектептин авариялык абалы,эскилиги.Компьютерлердин, интерактивдүү доскалардын окуучуларга жетишсиздиги, акылдуу доскалардын жоктугу. Класс кабинеттердин жетишсиздиги. Компьютердик класс,лабораториялардын, спорт залдын,ашкананын жоктугу. Билим берүү чөйрөсүндө коопсуздуктун талаптарынын толук аткарылбашы.Сан.гигиеналык талаптарга толук жооп бербөөсү.Учурдагы мектептин кооптуулугу. | |

| **4.Ф И Н А Н С Ы Л Ы К Р Е С У Р С Т А Р Д Ы Б А Ш К А Р У У** | | | |
|---|---|---|---|
| 4.1 | Финансылык пландоо системасынын болушу | КР “ББ” законунун №92 30.04.2003-жылдагы 43-статьясынын негизинде мамлекеттик бюджеттен мектептеги кызматкерлердин айлык акысына, коммуналдык кызматтарга, утурумдук ремонт иштерине, командировкалык чыгымдарга, сырткаркы чыгымдарга Республикалык бюджеттен бөлүнөт. Пландоодо керектүү чыгымдар жазылат. Көпчүлүк учурда мамлекет тарабына кыскартылат. Айрым учурда проект менен факты айырмалуу болот. Мектепте финансылык пландоо системасы 5 жылга түзүлгөн. Негизги муктаждыктар ата-энелер чогулушунда, директор алдындагы кеңешмеде, өзүн-өзү башкаруу уюмунда аныкталат. Ошонун негизинде суроо талаптары финансы уюмдарында каралат.<br>Мектепте ата-энелер комитети уюштурулган.<br>1.Мектеп камкоорчулар кеңеши менен тыгыз иш алып барат<br>2. Мамлекеттик эмес уюмдарга долбоор даярдоо<br>-мектептин веб-сайтын ачуу<br>- интерактивтүү доскалар,техникалык каражаттар менен класстарды камсыздоо | 4.1.1 Смета 2020-2021-окуу жылы үчүн<br>4.1.2. Акт |
| 4.2 | Кошумча финансы ресурстарын тартуу,бөлүштүрүү жана отчеттуулук боюнча ачык-айкын механизмдердин болушу | Кошумча финансы ресурстарын тартуу боюнча ар кандай иш чаралар өткөрүлүп турат. Камкорчулардын “ҮМҮТ” коомдук бирикмеси түзүлгөн.Коомдук бирикменин төрайымы жана бухгалтери ата-энелердин чогулушунда отчет берип турат. Класс-кабинеттерди жасалгалоодо каржылоо демөөрчүлөрдүн,ата-энелердин эсебинен жүргүзүлүп,жалпы мектептин, класстардын ата-энелер чогулушунда ата-энелер,демөөрчүлөр тарабынан отчеттор айкын-ачык берилип турат. | 4.2.1. “ҮМҮТ” коомдук бирикмесинин уставы<br>4.2.2.“ҮМҮТ” коомдук бирикмесинин күбөлүгү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | . Жергиликтүү бюджеттен утурумдук ремонтко, гигиеналык каражаттар жана спорттук шаймандарга жыл сайын акча каражаты бөлүнөт.1-4-класстарынын окуучуларынын ысык тамагына ун каражаты алынат. | |
| 4.3 | Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо,баалоо,талдоо жана пландоо механизминин болушу | Демөөрчүлөр,коомчулук, ата-энелер менен мектептин байланышын бекемдөөнү улантуу.<br>Окуу жылынын башында стратегиялык өнүгүү планына коюлган милдеттерди аткаруу пландалууда. | 1.МӨП |
| **Күчтүү жактар:** | | Статьяларга ылайык республикалык жана жергиликтүү бийликтин каржылоосу өз убагында жүргүзүлүп турат.Демөөрчүлөр, коомчулук менен иштөө. | |
| **Алсыз жактар:** | | Материалдык-техникалык базаны чыңдоо боюнча демөөрчүлөрдүн аздыгы. Коомчулуктун жана айрым ата-энелердин кайдыгерлиги. | |

**3.Корутунду**

Осмон Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби окуу-тарбия процессин жүргүзүүдө,билим сапатын жакшыртуу жана камсыздоо,кадр саясатынын эффективдүүлүгүн жогорулатуу, материалдык-техникалык базаны чыңдоо,финансылык ресурстарды колдонуу саясатын жүргүзүүдөгү иштердин багыттарынын ачык-айкындуулугун өзүн-өзү баалоо боюнча отчетунда карап чыгып комиссия төмөнкү жыйынтыкка келди: **Институционалдык аккредитациялоодон өтүү үчүн Билим берүү жана илим министрлигинен комиссия суранат:**

Жүргүзүлгөн өзүн-өзү баалоонун негизинде комиссия ыйгарым укуктуу органдан институционалдык аккредитациядан өтүү үчүн документтерди жиберүүнү сунуштайт.

Комиссиянын төрайымы:____________ Отомбаева Б.С.-мектеп директору

Комиссиянын мүчөлөрү:____________ Мукамбетакунова Н.Р.-окуу бөлүмүнү башчысы

_____________ Эркинбек кызы Айгерим - уюштуруучу

_____________Токоноева М.М. соц.педагог

_____________ Мамралиева К.А.- усулдук бирикменин жетекчиси

______________Молдобаева Э.Ж.- усулдук бирикменин жетекчиси

_____________ Орозакунова Ш.Т.- усулдук бирикменин жетекчиси

______________ Бектенов С.А.- усулдук бирикменин жетекчиси

______________Молдобаева О.С.-ата-энелер комитетинин төрайымы